**“Негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу”** аттуу темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Табалдиева Чынара Бейшенкариевнанын диссертациялык ишине расмий оппоненттин

## ПИКИРИ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Диссертациялык изилдөөдө педагогикалык – психологиялык булактарды, көз карандысыз изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын талдоо менен мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууда теориялык, методикалык жана практикалык көйгөйлөрдү камтыган илимий эмгектерди изилдөө менен диссертациялык изилдөөлөрдүн актуалдуулугу так аныктаган. Диссертацияда экологиялык тарбия берүүдө негизги объективдүү карама-каршылыктар белгиленген жана аны чечүүнүн жолдору такталган. Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда, кыргыз элинин тарыхый кырдаалда өзүнүн жер шарттарын, өзгөчөлүктөрүн, маданиятын, тарыхын, баалуулуктарын, экологиясын үйрөнүп аны сактап калууга аракеттенген. Кыргыз Республикасында эң маанилүү экологияны сактоо маселеси жаш муундардын да аң сезимине кирип калыптанууда. Дүйнөлүк экологиялык кризистин курчушу коомчулуктун алдында жаңы милдеттерди коюуда. Жаш муундардын табият менен гармонияда жашоо маданиятын калыптандыруу билим берүүнүн негизги баалуулугу болуп калууда. География предметинин окуучулардын экологиялык маданиятын өнүктүрүүдөгү өзгөчө милдети аныкталып, бул илимий теориялык тыянактары негизделген.

Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруудагы илимий изилдөө иштери анын актуалдуулугун далилдейт.

**Диссертацияда белгиленген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы.**

Табалдиева Чынара Бейшенкариевнанын диссертациялык ишинин көлөмү 172 бет, киришүүдөн, III главадан, кортундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат.

Алар ой – сунушту жыйынтыктоого, жалпылаштырууга жана тыянактоого кызмат кылат.

**Биринчи главада Негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун теориялык негиздери"** анда изилдөөнүн түйүндүү түшүнүктөрү болгон "экология", экологиялык маданият жана географиялык маданият терминдеринин жаралышына өбөлгө болгон илимий предметтер аралык фундаменталдык теориялык көз караштар Кыргыз Республикасынын географиясы предметинин экологиялык функционалдык мүмкүнчүлүктөрү талдоого алынган.

"Экология" – бул предметтер аралык билим тармагы, көп деңгээлдик системалардын жаратылышта, коомдо жайгашуу жана алардын өз ара байланышы жөнүндөгү илим.

Экологиялык маданият бул адамдын курчап турган табият тууралуу билимин анын абалы үчүн өздүк жоопкерчилигин, өздүк ишмердүүлүгүн жүрүм-турум адаттарын ичине камтыган феномен катары каралган. География предмети үчүн бөлүнгөн өзөктүү жана концептуалдуу нерсе окуучуларда геоэкологиялык компетентүүлүктү калыптандыруу болуп саналган. Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык география курсунда окуучуларды өзүнүн ата-мекенинин ар тарабындагы экологиялык көйгөйлөр менен таанышууга , ал маселелерге карата өздүк инсандык мамилесин, аны чечүү иштерине катышууда баштапкы тажрыйбага ээ болуусу түзүлгөн. Изилдөөнүн натыйжаларында баардык мүмкүнчүлүктөр толук ишке ашырылбай келгени көрсөтүлгөн.

**Диссертациянын экинчи главасы “Негизги мектепте география сабагын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун методикасы жана педагогикалык шарттарында изилдөөнүн методдору,** география сабагын окутуу процессинде окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары, аны ишке ашыруунун технологиялары изилденген. **Изилдөөнүн объектиси** негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутуу процесси талданган, **изилдөөнүн предмети** ошол сабакты окутуу процессинде окучуулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары эсептелген.

**Илимий изилдөөнүн методдорунан** илимий булактарды анализдөө, педагогикалык тажрыйбаны үйрөтүү, моделдештирүү, байкоо, анкета жүргүзүү, эксперимент, математикалык методдор колдонулган.

Изилдөөнүн методологиялык негизин диалектиканын табият менен коомдун биримдиги, алардын тарыхий байланыштуулугу адам менен табияттын ортосундагы мамилелердин өзгөчө шартталгандыгы жөнүндөгү негизги жоболору аныктоочу ролу, билим берүүнүн мазмунунун улуттук баалуулуктардын негизинде психологиялык – педагогикалык концепциялар түзүлгөн. Илимий методикалык адабияттарын, окуу программаларын, окуу китептерин талдоо сыяктуу изилдөө методдору колдонулган. География сабагы аркылуу окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруунун модели түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда географиялык билим берүүнү экологиялаштыруу, география сабактарынын мазмунун этнопедагогикалык жана этномаданий өркүндөтүү маселелери изилденген.

Окутуунун традициялык жана инновациялык форма жана методдорун айкалыштырып, окуу процессин класстан тышкары иштер менен интеграциялоо, предмет аралык байланыштарды колдонуу менен география сабактарында экологиялык маданиятты калыптандыруу аныкталган.

**Үчүнчү глава педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыктары.**

География сабагын окутуу процессинде негизги мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятын калыптандыруу боюнча изилдөөдө сунушталган педагогикалык шарттардын, моделдин илимий практикалык негиздүүлүгүн текшерүү максатында тажрыйба иштери жүргүзүлгөн. Тажрыйбалык – эксперименталдык иштер констатациялык, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу – аналитикалык болуп үч этапта 2009 – 2017 жылдар аралыгында жыйынтыкталган. Аныктоочу экспериментте окуучулардын экологиялык маданиятынын сапаттык деңгээли аныкталган, эксперименталдык топтордун пайыздык көрсөткүчтөрүн талдоодо анкеталык суроолорго берген жоопторунан баштапкы деңгэлдеринин төмөндүгү белгиленип иштелип чыккан моделдин негизинде натыйжалуулугун жана практикалык маанисин эксперименталдык түрдө тастыктоо иретинде изденүүчү эскперимент жүргүзүлгөн.

Изилдөөдө белгиленген илимий жоболордун, жыйынтыктардын, эксперименталдык иштердин максат милдеттери аныкталып, пландаштыруу, уюштуруу жана изилдөө иштери, анын көрсөткүчтөрүнүн негизделиши талапка ылайык жүргүзүлгөн жана педагогикалык шарттары аныкталган.

**Изилдөөнүн илимий жыйынтыгы:** Диссертациялык иште негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууда илимдин өнүгүшү үчүн маанилүү төмөндөгүдөй илимий негизделген теориялык жыйынтыктар келтирилген:

**Биринчи жыйынтык.** Негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууда окутуу түшүнүгүнүн мазмуну теориялык жактан талданды жана окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү изилденди.

**Экинчи жыйынтык.** География сабактарын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын окутуу максатына жараша квалификацияланып, анын структуралык компонеттери ireттештирилди.

**Үчүнчү жыйынтык.** География сабактарын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууда педагогикалык шарттар аныкталып, аны ишке ашыруунун жолдору аныкталды.

**Төртүнчү жыйынтык.** География сабактарын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууда сунуш кылынган теориялык ойлор, корутундулар педагогикалык эксперимент аркылуу териштирилип, чагылдырылган.

**Диссертацияда чагылдырылган ар бир илимий жыйынтыктын жана изденүүчүнүн кортундусунун деңгээли.**

**Биринчиден** экологиялык маданиятты калыптандыруунун педагогикалык системасы методологиялык жактан негизделгендиги.

**Экинчиден** экологиялык маданиятты калыптандырууда педагогикалык башкаруунун ишке ашырылгандыгы.

**Үчүнчүдөн** экологиялык маданиятты калыптандырууда окутуунун методдору, жолдору жана каражаттары аныкталгандыгы; алар практикада эксперименталдык текшерүүдөн өткөрүлгөндүгү.

**Диссертациялык иштин практикалык мааниси тууралуу төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот.**

**Биринчиден** география сабактарында экологиялык тарбия берүүдө окуучунун экологиялык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын үлгүсү иштелип чыккандыгы;

**Экинчиден** экологиялык маданиятты калыптандырууда кесипкөйлүк даярдыгынын илгерилешине негиз болот;

**Үчүнчүдөн** окуучунун экологиялык маданиятын калыптандырууда окуу процессине киргизүү, аны колдонуу боюнча кыргыз тилинде методикалык сунуштар иштелип чыккандыгы аныкталат.

Изилдөөнүн практикалык жыйынтыктары окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өнүктүрүүдө, окуучулардын экологиялык түшүктөрүн жогорулатууда, илимий – чыгармачылык иштерде колдонулат. Изденүүчү тарабынан көрсөтүлгөн сунуштарды практика

жүзүндө пайдаланууда, теориялык практикалык проблемаларды чечүүдө пайдаланат.

**Негизги жоболордун жана тыянактардын жарыяланышы талапка ылайык келүү.**

Изденүүчү тарабынан диссертациялык ишке байланыштуу 9 илимий макала жарыяланса, анын ичинен 6 жергиликтүү, чет өлкөдө 3 макала РИНЦ журналына жарыяланган.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмелери окшош түзүлгөн.

**Диссертацияда кездешкен төмөндөгүдөй кемчиликтерди белгилөөгө болот:**

- Кыргыз Республикасыны географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууда республикадагы проблемалар борбор шаарда абанын бузулушу, Ысык – Көлдө таштандылардын көбөйүшү сыяктуу маселелерге өзгөчө көңул бурулса болмок.
- Дүйнөлүк экология проблемалары менен республиканын экология проблемаларын салыштыруу жетишерлик көрсөтүлгөн эмес.
- Диссертацияда жана авторефератта айрым пунктуациялык жана стилистикалык каталар кездешет.

Жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтерди диссертант туура кабыл алып, кийинки изилдөөлөрдө эске алат деген ойдобуз.

Бул сунуштар диссертанттын ишинин жалпы беделин түшүрбөйт. Диссертация теориялык – практикалык жактан жогорку деңгээлде жазылган.

Жыйынтыктап айтканда Табалдиева Чынара Бейшенкариевнанын "Негизги мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутууда окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандыруу" деп аталган диссертациясын белгилүү бир илимдин тармагы үчүн маанилүү маселенин

чечилишин камтыган диссертациялык иш катары 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга коюлган Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиянын талаптарына толугу менен жооп берет деп эсептөөгө болот.

Табалдиева Чынара Бейшенкариевна педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент
педагогикалык илимдеринин доктору, профессор,
Ала – Тоо Эл аралык университетинин проректору Ж. Каниметов

Ала – Тоо Эл аралык университетинин окумуштуу катчысы
филология илимдеринин кандидаты, доцент Н. Казакова